«Бекитемин» ________

Мектеп директору: К. Исламов

**Качибеков Абдулла атындагы орто мектебинин окуучуларынын билим сапатына административдик көзөмөл жүргүзүү жөнүндө жобосу.**

**1.Жалпы жобо**

1.1. Ушул жобо Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына ылайык Качибеков Абдулла атындагы орто мектебинин Усавынын негизинде иштелип чыгат.

1.2. Жобо окуу жыл ичинде 5-11-класстардын окуучуларынын предметтер боюнча билим сапатын эки жолу аныктоону ирээтке келтирүүчү мектептин локалдык актысы болуп эсептелет.

1.3.Бул жобо –нормативдүү документ, билим сапатын аныктап туруу үчүн анны өткөрүүнүн формасын жана жолун регламенттейт.

1.4.Билим сапатын көзөмөлдөө-билим берүү процессинин зарыл компенентинин бири.

1.5. Окуучулардын билим сапатына административдик көзөмөл жүргүзүү акыркы учурда билим сапатын жогорулатуу үчүн бүт кызыктар тараптарды бириктирген башкаруу системасы. Билимдин сапатын аныктоо үчүн административдик көзөмөл жүргүзүү замандын талабы.

1.6. Билим сапатын көзөмөлдөө системасы мугалим, тарбиячынын, ошондой эле мектептин ишинин сапатын аныктоого багытталат.

1.7.Окуу максаты –билим берүү процессинин бардык катышуучулардын илим саптын көтөрүүгө пайдаланылган кайтарым байланыш.Билим берүүнүн сапатына, билим берүүнүн системасына мүнөздөмө берүү.

1.8. Административдик көзөмөл жүргүзүүчүлөр:

1.Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары;

2.Бирикме жетекчилери.

Аткаруучулар –предметтик мугалимдер.

**3. Административдик көзөмөл жүргүзүү тартиби.**

2.1. Мектепте билим берүү чөйрөлөрүнүн негизинде предметтер боюнча окуу жылы ичинде эки жолу-биринчи жана экинчи жарым жылдыкта окуучулардын билим сапатына административдик көзөмөл жүргүзүү пландаштырылат.

2.2 Көзөмөл жүргүзүүгө календарлык-тематикалык планда резерв сааттарын эсептеп саат бөлүп, окуучулардын ишине баалоо жүргүзүү, класстык журналга түшүрүү.

Scanner App Lite

2.3.Көзөмөл жүргүзүүнү уюштуруу, талдоо жүргүзүү, жыйынтыгын чыгаруу жоопкерчилиги усулдук бирикме жетекчисине жүктөлөт.

2.4. Мектепте окуу жылынын башында бекитилген окуу-тарбия процессинин жалпы планына предметтик мугалимдер милдеттүү.

2.5. Усулдук бирикме жетекчисинин көзөмөлү астында биринчи жана экинчи жарым жылдыктарда алынган текшерүү иштери боюнча алардын жыйынтыгы салыштырылып, талданып, окуучулардын билим сапатын жогорулатуу боюнча сунуштар айтылат.

Scanner App Lite